


4

## Эгизбаевди эскерүү

Устүбүздөгү жылдын 22-июлунда кыргыз журналистикасы оор жоготууга учурады. Иликтөөчү журналист, Президенттин Ардак грамотасынын, дүйнөлүк "Webby Awards" (Интернет-Оскар), "Алтын калем" сыйлыктарынын ээси, университетибиздин 2013-жылкы бүтүрүүчүсү Улан Эгизбаев 28 жашында мезгилсиз дүйнө салды.



5

## Токсон өлкөнү кыдырууга жетишкен Крис

Бул санда сиздер менен тааныштыргыбыз келген каарман Ирландияда жарык дүйнөгө келген. Өзү Американын жараны, саякатчы, модель Кристофер Жозеф О'Нейл. Тааныштары, жакын досту ану жөн гана Крис деп коюшат.




6

## Өмүрү өрнөк инсан- Анаркан Касмалиева

Кыргыз-Түрк "Манас" университети Дене тарбия жана спорт жогорку мектебинин доценти Анаркан Касмалиева бир топ жылдан балдар үйүнө кол кабыш кылып келет. Каарманыбыз "Манас" университетинин атынан балдардардын жашоосунун өзгөрүшүнө жана алардын спорттогу ийгиликтерине аз да болсо салым кошууга аракеттенет.



7

## Кыргыздардын чай ичүү маданияты: Туздуу, сүттүү, майлуу чай

Дүйнөлүк маданияттын үлгүсүн толуктаган чай дүйнөдөгү эң көп колдонулган суусундуктардын бири. Алсак, англис чайы, кытай чайы, жапон чайы, корей чайы, индия чайы болуп бөлүнгөн чайды ичүү маданияты да ар түрдүү. Кыргызстанда да чай ичүү маданиятынын өз өзгөчөлүгү бар.


# ГЕЗИТИ Манас

КЫРГЫЗ-ТҮРК "МАНАС" УНИВЕРСИТЕТИНИН СТУДЕНТТИК ПРАКТИКАЛЫК ГЕЗИТИ НОЯБРЬ 2018 / САНЫ: 67 www.manas.edu.kg




# КТМУ "Эң жаңычыл долбоор" сынагында жеңишке жетти

*Окуу жайыбыздын айыл-чарба факультетинин өсүмдүктүрдү коргоо бөлүмүнүн деканы проф., докт. Тинатин Дөөлөткелдиева Кыргызпатент тарабынан 2016-жылы старт алган "Эң жаңычыл долбоор" сынагында баш байгеге ээ болду. Сыйлык тапшыруу аземи устүбүздөгү жылдын 20-ноябрында КТМУда болуп өттү. Проф., докт. Тинатин Дөөлөткелдиева Кыргызпатенттин (Кыргыз Республикасынын өкмөтүнө караштуу интелектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматы) "Эң жаңычыл долбоор-2016" аттуу сынагында "Күнөскана жана ачык жерлердеги топурактын сапатын жана үрөндү жакшыртуу үчүн жаңы био жер семирткичтердин индустриалдык өтүмүн түзүү" долбоору менен баш байгеге татыды.*

2

# КТМУ "Эң жаңычыл долбоор" сынагында жеңишке жетти

***Окуу жайыбыздын айыл-чарба факультетинин өсүмдүктүрдү коргоо бөлүмүнүн деканы проф., докт. Тинатин Дөөлөткелдиева Кыргызпатент тарабынан 2016-жылы старт алган "Эң жаңычыл долбоор" сынагында баш байгеге ээ болду. Сыйлык тапшыруу аземи устубүздөгү жылдын 20-ноябрында КТМУда болуп өттү.***



*Кабар: Медиа Манас*
*Фото: Өмер Куфреви*

Проф., докт. Тинатин Дөөлөткелдиева Кыргызпатенттин (Кыргыз Республикасынын өкмөтүнө караштуу интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматы) "Эң жаңычыл долбоор-2016" аттуу сынагында "Күнөскана жана ачык жерлердеги топурактын сапатын жана үрөндү жакшыртуу үчүн жаңы био жер семирткичтердин индустриалдык өтүмүн түзүү" долбоору менен баш байгеге татыды.

20-ноябрда Кыргызпатент уюштурган "Эң жаңычыл долбоор-2016" сынагынын ачылыш аземи КТМУнун социалдык курулуштар залында болуп өттү. Иш-чарага Айыл чарба, тамак аш өнөр жайы жана мелиорация министринин орун басары Жаныбек Керималиев, КТМУнун ректору проф., докт. Себахаттин Балжы, Биринчи проректор проф., докт. Асылбек Кулмырзаев, Кыргызпатенттин төрайымы Динара Молдошева, ойлоп табууларга, пайдалуу моделдерге жана өнөр жай үлгүлөрүнө экспертиза жүргүзүү бөлүмүнүн башчысы Арстанбек Бердалиев, окутуучулар, студенттер жана ЖМКнын өкүлдөрү катышты.

Иш-чарада ректор проф., докт. С. Балжы Кыргызпатенттин жаңы ыкма жана технологияларды колдонуу маселесине басым жасап, буларга токтолду: «Кыргызпатент Кыргызстандын өнүгүүсү үчүн жаңы ыкмалар, технологиялар жана иновацияларды өнүктүрүү тармагында колунан келгенин жасап жатат. Албетте, дайыма эле мүмкүнчүлүк боло бербейт. Маанилүүсү колдогу нерсени туура пайдалана билүү. Университетибиздин бул долбоору коомдун кызыкчылыгы үчүн кызмат кылат. Кыргызстандын өнүгүшүндө айыл чарбанын мааниси чоң. Айыл чарбаны салттуу ыкмалар менен гана эмес, жаңычыл инновациялар менен өнүктүрүү кажет. Бул жаатта технопарктар тарабынан туура модель тандалышы керек. Эң маанилүүсү – мамлекет тарабынан жаңычыл долбоорлорго туура келген мыйзамдардын кабыл алынышы".

Биринчи проректор проф., докт. А. Кулмырзаев КТМУнун профессору "Эң жаңычыл долбоор" наамына ээ болгондугу чоң сыймык экенин белгиледи. "Тинатин Дөөлөткелдиеванын жеңиши бизди абдан кубандырды. Илим адамдарынын жаңычыл, чыгармачыл эмгектери ар тараптан колдоого ээ болушу керек. Илим, өзгөчө мамлекет тарабынан чоң колдоого муктаж. Илим аркылуу Кыргызстан илимий, технологиялык, экономикалык, социалдык тармактары өнүгөт. Кыргызпатент долбоорлорду колдоо жаатында жакшы кызмат кылууда".

Ойлоп табууларга, пайдалуу моделдерге жана өнөр жай үлгүлөрүнө экспертиза жүргүзүү бөлүмүнүн башчысы Арстанбек Бердалиев мындай маанилүү долбоордун ачылыш аземине катышып жатканы үчүн сыймыктанганын белгилеп, окуу жайда мындан кийин да көптөгөн долбоорлор ишке ашырыларына ишенерин айтты.

Кыргызпатенттин төрайымы Динара Молдошева мамлекет жаңычыл долбоорлорго жардам бериши керектиги жана өнүгүүсүнө салым кошуусу керек экендигин белгиледи.

Долбоордун жеңүүчүсү проф., докт. Тинатин Дөөлөткелдиева өзүнүн долбоору тууралуу буларга токтолду: "Азыр дүйнөнүн ар тарабында айыл чарба жаатында альтернативалуу методдор изилденип жаткан учуру. Айыл чарбада химиялык заттарсыз органикалык өсүмдүктөрдү өстүрүү абдан маанилүү. Күнөскана жана ачык жерлердеги топурактын сапатын жана үрөндү жакшыртуу үчүн жаңы био жер семирткичтердин чыгаруга болот. Мен изилдөөмдү ушул жаатта ишке ашырып, үчүр талабына жараша бул көйгөйлөрдү чечүү жолдорун табууга жумшадым".

# Түркия Республикасынын 95 жылдык маарекеси белгиленди



*Кабар: Медиа Манас*
*Фото: Өмер Куфреви*

***29-октябрь Түркия Республикасынын 95 жылдык маарекесин утурлай, Кыргыз-Түрк «Манас» университети салтанаттуу азем өткөрдү. Маарекелик иш-чарага Түркиянын Кыргызстандагы элчилигинин өкүлдөрү, Түндүк Кипр Түрк Республикасынын (ТКТР) Бишкектеги консулу, КТМУнун ректору проф., докт. Себахаттин Балжы, КТМУнун Биринчи проректору проф., докт. Асылбек Кулмырзаев, окутуучулар, студенттер жана басма сөз өкүлдөрүкатышты.***

**«Манас» университети – Ататүрктүн керээзи**

Салтанаттуу аземде ректор, проф.докт.Себахаттин Балжы Ататүрктүн көсөмдүгүн эскерип, Кыргыз-Түрк «Манас» университети анын керээзи болгондугун белгиледи. «Ататүрк 1930-жылдарда эле бүгүнкү күндүн кандай болоорун баамдаган. Ал «Качандыр бир күнү азыркы кол жетпес бийиктикте турган Советтер Союзу тарыхтагы ролун аткарып, сахнадан чыгат. Ал жерде биздин боордошторубуз бар. Мезгили келгенде ошол боордошторубуз бизге муктаж болот. Азыртадан ошол күнгө даяр болушубуз керек» деген экен. Албетте, бул келечекти көрө билүүнүн, көрөгөчтүктүн эң сонун үлгүсү. Ушундан улам, «Манас» университети Ататүрктүн бизге калтырган керээзи десек болот. Ошол керээз 1995-жылы ишке ашырылып, мына ушул университетибиз курулган», - деди ректор.

Түркия бүгүнкү күндө дүйнө жүзүндөгү ири жана күчтүү мамлекет экендигине токтолгон проф., докт. Балжы: «Өлкөбүздө кандай тарыхый мурас калтырылбасын, аны андан ары өнүктүрүп, алдыга жылдырыш үчүн болгон күч-аракетин аяган эмес. Өтмүшүбүздүн бизге калтырган тарыхый мурасы, цивилизациясы жогору болсо да, ошол кезде өнүгүү материалдык жактан өтө кейиштүү абалда болгон. Тилекке каршы, ошол мезгилдерде ири империя катары кулагандан кийин өлкөбүз карызга баткан, моралдык жактан алсыраган, бөлүнүп-жарылган, билим берүүдө, соода-сатыкта олутту көйгөйлөр чыккан, экономикасы начарлап, индустриясы алсыраган. Ири империя бизге жакшы мурас калтыра алган эмес. Ошондой кыйын кезеңде курулган республика долбоору, албетте, коомду кыйын кырдаалдан чыгарган керемет долбоор болгон», - деп сөзүн жыйынтыктады.

Ошондой эле салтанаттын жүрүшүндө гуманитардык факультеттин доцентинин милдетин аткаруучу доктор Женгиз Буяр «Республиканын жарыяланышы» аттуу доклад жасады. Программанын алкагында университеттин «Түрк дүйнөсү» оркестринин «Республика концерти» жана көркөм өнөр факультетинин окутуучуларынын «Республика көргөзмөсү» аттуу сүрөт көргөзмөсү уюштурулду.

# Улуу жол башчы Ататүрк кыргыз жергесинде эскерилди



Кабар: Медиа Манас
Фото: Өмер Куфреви

*Кыргыз-Түрк "Манас" университетинге, Түркия Республикасынын түзүүчүсү Улуу жол башчы Гази Мустафа Кемал Ататүркты эскерүү аземи уюштурулду.*

12-ноябрда улут лидери Мустафа Кемал Ататүрктүн дүйнөдөн кайтканына 80 жылдын жүзү болду. Аталган иш-чарага Түркия Республикасынын Кыргызстандагы элчилигинин кызматкерлери, Түндүк Кипрдин Бишкектеги өкүлчүлүгү жана КТМУнун ректору проф., докт. Себахаттин Балжы, Биринчи Проректор проф., докт. Асылбек Кулмырзаев, окутуучулар, студенттер жана ММКнын өкүлдөрү катышты. Эскерүү тынымы болуп, гимндер ырдалган соң, КТМУ тарабынан тартылган "10-Ноябрь" аттуу документалдык тасма көрсөтүлдү.

"Бизге баш бол, бизди башта!"

Эскерүү аземинде сөз сүйлөгөн КТМУнун ректору проф., докт. С. Балжы Билге Кагандан тарта түрк элинин эркиндик үчүн күрөшүнө токтолуп: "Негизинен Ататүрк Билге кагандын Орхан дарыясынын жээгинде орнотулган балбал таштардагы мурасты ишке ашырган. Анын кемеңгердик, лидерлик жана элине болгон ишениминин үзүрүн азыр көрүп жатабыз. Ататүрк түрк элине эң зарыл учурда жол башчы болуп берип, душмандарынан арылтып, агартып, эркиндикке чыгарган. Мындан ары да түрк тилдүү боордоштор бирге болушубуз керек".

Түркиянын Кыргызстандагы толук жана ыйгарым укуктуу элчиси Женгиз Камил Фыраттын атынан билим берүү боюнча кеңешчиси Режеп Сула сөз сүйлөдү. Ал Ататүрктүн билим алууга жана жаштарга өзгөчө маани бергенин айтып: "Мамлекет силерден сөз эркиндигин, абийир эркиндигин жана аң-сезимдин эркиндигин талап кылат. Андыктан, өз пикириңерди эркин айта алган, эркин ой жүгүрткөн инсандардан болушуңар керек", - деди.

Программанын соңунда КТМУнун окутуучулары докт. Муратбек Кожобеков, доц., докт. Хасан Йылмаз жана доц.м.а., докт. Роза Абдыкулова баштаган улуу жол башчы Мустафа Кемал Ататүркты эскерген панелдик талкуу болду.

# "Манастын" экс-студенти министрлик кызматка дайындалды



*Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин (КТМУ) ректору проф., докт. Себахаттин Балжы Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министри Азамат Жаманкуловду жогорку кызматка дайындалышы менен куттуктады.*

Haber: Media Manas
Foto: Ömer Küfrevi

7-ноябрь күнү жаңы министрди университеттин ректору С. Балжы, проректору проф., докт. Хусейин Өгүт, Басма сөз жана коом менен байланыш башчысы докт. Бүлент Намал жана КТРКнын башкы директорунун орун басары Кайрат Иманалиев куттукташты.

Ректор проф., докт. Себахаттин Балжы "Манас" университетинде билим алып кеткен А. Жаманкуловдун министрлик кызматка дайындалышына кубанганын айтып: "Бул кызматка ишеним көрсөтүлүп дайындалышыңыз КТМУ үчүн, Түркия, Кыргызстан жана жалпы түрк дүйнөсү үчүн жагымдуу жаңылык болду. Жүрөгү таза, өткүр, сөзүнө турган, жаш болгонуна карабай, көп ийгиликке жеткен бүтүрүүчүбүздүн мындай маанилүү кызматты ээлеши биз үчүн сыймык. Буга чейин министрдин жардамчысы болуп турганыңызда да, сиз менен бир катар долбоорлорду ишке ашырганбыз. Мындан кийин да өзгөчө Кыргызстандын туризм жаатындагы потенциалын ачып, өлкөнүн өнүгүүсүнө багытталган дагы көп долбоорлорду бирге алып барабыз деген үмүттөбүз. Сизди долбоорду ишке ашыруу жагынан мыкты башкаруучу экениңизди билебиз. Сиздин жана министрлик менен мындан ары да кызматташууга даярбыз" , - деди.

Министр А. Жаманкулов өзү окуган окуу жайдын жетекчилигинин куттуктоосуна ыраазычылыгын билдирип: "Манас университети менен буга чейин бир топ долбоорду ишке ашырдык. Мындан кийин да бир топ долбоорлордун үстүнөн иштейбиз деп ойлойм", - деди.

Азамат Жаманкулов коомчулукта туризм секторун жакшыртуу жаатында мыкты адис катары белгилүү.



Кабар: Медиа Манас
Фото: Өмер Куфреви

# Түрк элдеринин салттуу спорт оюндары симпозиуму өткөрүлдү

*Кыргыз-Түрк «Манас» университети 22-23-ноябрь күндөрү «Евразия көчмөн калктарынын салттуу спорт оюндарынын калыптанышы жана өнүгүшү» аттуу III Эл аралык түрк элдеринин салттуу спорт оюндары симпозиумун өткөрдү. Симпозиум Кыргыз-Түрк «Манас» университети Салттуу оюн жана спорт изилдөө борборунун алкагында Түрк тарых уюму, Дүйнөлүк этноспорт конфедерациясы, Кахраманмараш шаар мэриясы жана Муш Алпарслан университети менен бирге өткөрдү. Симпозиумга 10 өлкөдөн 135 илимпоз катышып, жалпысынан 150 жакын доклад окулду.*

Симпозиумдун ачылышында КТМУнун ректору проф., докт. Себахаттин Балжы илимий иш-чара салттуу спорт оюндарынын илимий жактан калыптанышында, алардын эрежелерин аныктоодо, унутулган спорт оюндарын кайрадан жандандырууда маанилүү экендигин баса белгиледи. Ошондой эле ал симпозиумда калыпка салынган стандарттар көчмөндөрдүн жаңы эл аралык олимпиада тармагын түзүүдө маанилүү экендигин айтып өттү.

Ал эми КТМУнун биринчи проректору проф., докт. Асылбек Кулмырзаев симпозиумдун маанисин баса белгилеп: «Айрым көчмөн элдерде мындай баалуулуктун унутулганын, же анын ордун башка баалуулуктар ээлегендигин билебиз. Эски баалуулуктарыбызды, оюндарыбызды, спорттун түрлөрүн жаштардын көбү билбейт. Кыргызстандын демилгеси менен 2014-жылы уюшулган Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары долбоору аркылуу салттуу маданиятыбызды жана спорттун түрлөрүн кайрадан жандандырдык. Ошонун негизинде мамлекет тарабынан КТМУга чоң жоопкерчилик жүктөлгөн. Бул көчмөндөр оюндарын илимий жактан ачып берүү эле. Аталган симпозиум бул жоопкерчиликтин көрсөткүчү»,- деди ал.

# Университеттер аралык мини футбол турниринде КТМУ биринчиликти алды



7-ноябрь Маалымат жана басма сөз күнүнө карата университеттердин журналистика факультеттери арасында мини футбол турнири уюштурулду.

Быйыл үчүнчү жолу өткөрүлүп жаткан иш-чарага 6 жогорку окуу жайдын командалары катышты. Финалдык мелдешке Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин коммуникация факультети жана Бишкек Гуманитардык университетинин журналистика факультети чыкты. Жыйынтыгында КТМУ 6:0 эсеби менен жеңип, чемпион аталды.

Белгилей кетчү нерсе, турнирде коммуникация факультетинин журналистика бөлүмүнүн студенти Исхак Туратбеков эң мыкты оюнчу деп табылса, Угур Өзел эң мыкты коргоочу экендигин көрсөттү.

*Кабар: Жанара Каденова*

***Устүбүздөгү жылдын 22-июлунда кыргыз журналистикасы оор жоготууга учурады. Иликтөөчү журналист, Президенттин Ардак грамотасынын, дүйнөлүк "Web-by Awards" (Интернет-Оскар), "Алтын калем" сыйлыктарынын ээси, университетибиздин 2013-жылкы бүтүрүүчүсү Улан Эгизбаев 28 жашында мезгилсиз дүйнө салды. Эгизбаевдин жаназасы жакындарын, кесиптештерин гана эмес, бүтүн кыргыз элин терең кайгыга салды. Кезинде келечектин мыкты журналисти Эгизбаев кесиптик кадамын дал ушул "Манас" гезитинен баштаган. Ал 2010-2012-жылдары гезитибиздин шеф–редактору болгон. Аталган макала анын жаркын элесине арналмакчы...***

*Эгизбаевди эскерүү...*

# Чексиздикке талпынган бүркүт элең, Ала-Тооңду бүркүттөй айлан жигит!

*"Аз өмүрүң чоң сабак кайран жигит,*

*Алтын башын мекенге сайган жигит.*

*Чексиздикке талпынган бүркүт элең,*

*Ала-Тооңду бүркүттөй айлан жигит"*, - бул саптар акын Бердибек Жамгырчиевдин "Улуттун уулу Уланга" аттуу ыр саптарынан үзүндү. Ырас, Улан Эгизбаев табият берген таланты, кесиптик жөндөмдүүлүгү, мекенчилдиги, курчтугу, өткүрлүгү, өжөрлүгү менен кыргыз журналистикасында түбөлүгүн түптөп, "Улуттун уулу" деген атка конду. Буга анын көзү тирүүсүндө өлкөнү буттан чалган коомдук терс көрүнүштөрдү ашкерелеген журналисттик макалалары, жогорку деңгээлдеги иликтөөлөрү далил. Элдин эскерүүсүндө Улан Эгизбаев "кыргыз тилдүү журналистикасы алсыз" деген туура эмес көз карашты жойгон жана журналисттик иликтөө жанрын бийик деңгээлге чыгарган жаш журналисттердин башында турган. Анын аты кыска убакытта коом назарына алынып, макаласын күтүп окуган жаратман журналист катары кала берди.



### Журналист болуу үчүн жаралгандай...

Улан Эгизбаев 1990-жылы 12-февралда Нарын облусуна караштуу Кочкор аймагында жарык дүйнөгө келген. Ошол эле айылдан мектепти артыкчылык менен бүтүрүп, 2008-жылы Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин компьютердик инженерия бөлүмүнө тапшырган. Антсе да, көөдөндөгү ышкысы, дилгирлик жөндөмү, тубаса таланты аны журналистикага багыттаган. Ошентип, бир жылдан соң Улан Эгизбаев кайрадан коммуникация факультетинин журналистика бөлүмүнө тапшырган. Анын алгачкы кесиптик жолу да дал ушул студенттик-практикалык "Манас" гезитинен башталган.

Журналисттик кесип тактыкты, тапкычтыкты жана талантты талап кылат. Университетте окуткан мугалимдеринин айтымында Улан Эгизбаев, курч мүнөзү, алдыга умтулгандыгы, кесибине болгон жоопкерчиликтүү мамилеси менен журналистикага бат эле сүңгүп кирген. Биринчи курсунан тартып университетибиздин "Манас" гезитине макала, маектерин, иликтөөлөрүн жарыялап, алар менен сынактарга катышып бир топ байгелүү орундардын ээси болгон. Алардан бири Түркиядагы "Айдын Доган" жаш журналисттердин сынагы. Алсак, Эгизбаев жалаң "К" тамгасынан башталган "Келечек колубузда" аттуу макаласы менен 2012-жылы "Азаттык" радиосунун сынагында жеңишке жеткен.

### "Улан талаш-тартыштуу маселелерде өзүнүн оюн, позициясын сөзсүз айтчу"

Убагында Улан Эгизбаевга кабар жазуу, текст менен иштөө техникасынан дарс берген Гүлзада Станалиева студентин төмөндөгүдөй жылуу эскерди: "Улан биринчи курска келгенде эле биринчи сабакта дароо көзүмө урунган. Башка студенттерден айырмаланып, биринчи курста эле мугалимдин айтканын ойлонуп угуп, дитин төшөп жазып отурар эле. Ошондо эле суроолорду көп берип, журналистикага абдан кызыкчу. Кээде талаш-тартыштуу маселелер болуп калса, унчукпай отура бербей өзүнүн оюн, позициясын сөзсүз айтчу. Ошондой өзгөчөлүгүнөн улам, Уланды биринчи курстан, биринчи сабактардан эле таанып калдым. Улан "Манас" гезитибизде шеф-редактор болуп иштеди. Уландын редакциясынан өткөн макалаларда каталар дээрлик болчу эмес. Анын профессионалдуулугу, такшалып калган журналисттей мамилеси, сөз менен иштөө, маалымат менен иштөө чеберчилиги жогору эле. Бир маселени студенттер менен талкуулап калсак, башкалар байкабаган, өзгөчө көз караштагы, маселенин башка тарабын ачкан пикирлерин айтчу. Улан маек курганды абдан жакшы билчү, адамды уга билчү. Өзү бала кыял эле, бирок жоопкерчиликтүү иштерге кадыресе чоң кишидей олуттуу мамиле жасачу. Улан барган жерин гүлдөтүп, ишти илгерилетип жибергени менен эсимде калды".

### "Көп окугусу келгени, үйрөнгүсү келгени көрүнүп турчу..."

Ал эми университетте устаты, андан соң "Азаттык" радиосунда кесиптеш катары чогуу иштешкен Бакыт Орунбеков Эгизбаев тууурасында" Улан биринчи курска келгенде эле балдардан өзгөчөлөнүп, бөлүнүп көрүнгөн. Сабак учурунда да, сабактын аягында да дайыма суроо берип, кызыгып, бир нерсени тактап, өз оюн ачык айткандыгы менен эмгекчил экенин көрсөткөн. Көп окугусу келгени, үйрөнгүсү келгени көрүнүп турду. 3-курсунда "Агым" гезитинде иштеп калды. "Агымга" чыккан макалалары менен коомго таанылала баштады. Макалалары коомдо талаш-тартышты жаратып, талкууга жем таштачу. "Агымда" иштеп жүрүп "Азаттыктын" көзүнө илинген. Улан "Азаттыктын" Прагадагы кеңсесинде да иштеп келди. Өзүн өзү өстүрүү, өзүнүн үстүндө иштөө боюнча Уланда мыкты сапаттар бар эле. Жумушка, сабакка, айылдагы үй тиричилигине да жетишкен эмгекчил бала эле".

### Эрдиги менен эсте калат...

Улан Эгизбаев университетти бүткөндөн кийин кыска убакыт аралыгында кесиптик карьерасында бараандуу ийгиликтерди багындырган. Алсак, анын буту баспай калган Нургазы тууралсындагы "Кыял" тасмасы 2016-жылы дүйнөлүк "Webby Awards" сынагында 13 миң видеонун ичинен алдыңкы бештикке кирген. Тасманын каармaны Нургазы менен Эгизбаев АКШга барып сыйлык алып келишкен эле. Талантту журналист көзү өтөөрдүн алдында жазуучу Кален Сыдыкованын "Алтын калем" сыйлыгына арзыган. Мындан тышкары Улан Президенттин "Ардак" грамотасы, "Аракет" сыйлыгы жана "Үмүт" фестивалдарында байгелүү сыйлыктардын ээси болгон. Каза болгондон кийин Улан Эгизбаевге коомдук терс көрүнүштөр менен күрөшкөндүгү, мамлекеттүүлүктү бекемдөөгө кошкон орчундуу салымы жана активдүү жарандык позициясы үчүн 2018-жылдын 1-октябрында Президент Сооронбай Жээнбеков "Эрдик" медалын ыйгарды. Ошондой эле 2017-жылы "Чеч-Дөбө" кеңеши интеллектуалдар альянсы негиздеген "Улут абийири" наамы да бул жылы 18-октябрда Эгизбаевге берилди. Ошондой эле Эгизбаевдин жаркын элесине арналып "Журналисттик иликтөөлөр" фонду түзүлдү. Фонд журналисттик иликтөө жазган журналисттерди колдоо максатын көздөйт.

Улан болгону 28 жыл гана жашады. Бирок ошол чагылгандай бир жарк этип өчкөн кыска өмүрүндө бизге көп нерсени улуу сабак кылып үйрөтүп кетти. Ооба, ал Кыргызстандын журналистикасын жаңы сапатка көтөрдү, өлкөнүн өзөктүү көйгөйлөрүн козгоп, аларды чечүүгө чоң түрткү берди, тагдырдын оор сыноосуна кабылган адамдардын турмушун чагылдырып жатып, алардын жашоосун оң жагына бура алды, жаштарга мекенчилдиктин, эмгекчилдиктин, кужурмөндүктүн, баатырдыктын бийик үлгүсүн көрсөтүп кетти. Анын ысмы түбөлүк кыргыз элинин эсинде сакталып каларында эч бир шек жок.







# Токсон өлкөнү кыдырууга жетишкен Крис

*Кабар: Самира Шарипова*



*Бул санда сиздер менен тааныштыргыбыз келген каарман Ирландияда жарык дүйнөгө келген. Өзү Американын жараны, саякатчы, модель Кристофер Жозеф О'нейл. Тааныштары, жакын достору аны жөн гана Крис деп коюшат. Жер кыдырып, эл таанып жүргөн Криске Кыргызстанга да келүү шыбагасы буйруган экен. Аны менен жакындан таанышып, редакциябызга конокко чакырып, маектешүүгө да жетиштик.*

**Алыста калган балалыгы жана үй-бүлөсү**

Ирландиялык Крис үч жашында балдар үйүнө өткөрүлүп берилет. Бир топ убакыт балдар үйүндө башын калкалаган Кристи француз үй-бүлөсү багып алат. Тилекке каршы, асырап алган үй-бүлөдөн Крис жүрөк кубанткан мээримге бөлөнбөптүр. Эс тарткандан тарта аны асырап алган эне-атасынын зомбулугунан жедеп көңүлү калыптыр. Турмуштун башка салган оорчулугунан улам жети жашынан тарта эле кабыргасы ката элек бала коомдук кара жумушта иштөөгө аргасыз болот. Асыраган үйдүн зомбулугунан көңүлү калган Крис ал үйдөн кетүүнүн айласын издей баштайт. Каарманыбыз балалыгы жана үй-бүлөсү тууралуу төмөнкүдөй эскерет: "Тегим Ирландиядан. Паспортумда 29 жашта деп жазылып жүрөт. Бирок чынын айтсам, анык жашымдын канча экенин билбейм. Биологиялык үй-бүлөм 3 жашымда балдар үйүнө өткөрүптүр. Алар менен эч кандай байланышым жок. Апамдын да, атамдын, бир туугандарымдын бар экенин билбейм. Алар тууралуу эч маалыматым жок. Чынын айтканда, ага кызыкпайм деле. Буга чейинки аларсыз эле жашап келдим да. Мындан кийинки турмушумду деле ушундай улантам. 15 жашка чейин Францияда мени багып алган үй-бүлөм менен жашадым. Асырап алган үй-бүлөмдөн деле чекем жылыган жок. Ошон үчүн алардан кетүүнүн аргасын издей берчүмүн. Таң аткандан күн батканга чейин кутулуунун айласын ойлоно берчүмүн. Бул нерсе мени алдыга умтулууга дем берди окшойт. Өзүмдү физикалык жана рухий жактан өнүктүрүш үчүн аракеттене баштадым. Өзүм менен өзүм болуунун жолун үйрөндүм. Жашоодо айланамдагы ар бир адамдан бир нерсе алдым, үйрөндүм десем болот. 18 жашка чыкканда эл аралык деңгээлдеги билимге ээ болуш үчүн Америкага кеттим. Америка жарандыгын да алдым. Таң калсаңыздар керек, башталгыч класска барган эмесмин. Мектепте да окуган жокмун. Американын эң мыкты деген университеттеринин сынактарына кирдим. Башталгыч билимим болбогондуктан, университетте өтө кыйналдым. Бирок, кыйынчылыктарды жеңе алдым. Университетте 2 жогорку билимге ээ болдум (ред. бакалавриат). Булардын бири коммуникация жаатында жаңы медиа болсо, экинчиси кесипкөй каскадерлук өнөрү. Билимди 3 окуу жайдан бүтүрдүм. Каскадерлук боюнча тренер болуп да иштедим.

**Саякаттоо идеясы Америка-Жапония сапарында жаралган**



Кристин өзүнүн айтымында, ага чечкиндүүлүгү, кыйынчылыктан качпаганы, бир нерсеге кызыкса, анын түбүнө жетмейинче жаны тынбастыгы, саякаттоону жакшы көргөндүгү жана кыялкечтиги менен көп нерсеге жетишкен. Адамдар менен сүйлөшкөндү, таанып-билүүгө ынтызарлыгынан улам Крис дүйнөнү кыдырып чыгам деп өзүнө максат коёт. Ага саякаттоо идеясы алгач Америкадан Жапонияга болгон сапарынан башталган экен. Бүгүнкү күнгө чейин болжол менен 90 өлкөнү кыдырууга жетишкен Крис чындыгында бардык барган өлкөлөрүнүн так санын деле эстей албайт. Ал өзүн кайсы бир өлкөгө тиешелүүмүн деп да эсептебейт. "Биринчи жолу Жапонияга барганда, ал жердин адамдарынын ушунчалык меймандос экендигине, өлкөсүнүн тазалыгына аябай суктандым. Америкага кайра барганда, өзүмдү ал өлкөгө тийиштүү сезбей калдым. Токиого көчүп барууну чечтим. Учурда 15 жылдан бери Токиодо жашап жатам. Өзүмдү кайсы бир өлкөгө же кайсы бир аймакка биротоло байлагым келбейт. Турмушумда шамал менен жарышкан көчмөн сыяктуу көп жерде көчмөн адамдай күн өткөрдүм".

**"Унааларда, алачыктарда, бүтө элек курулуштарда уктаган күндөрүм болгон"**



Жол жүргөндө ашыкча чыгымды каалабаган Крис барган өлкөлөрдө эң арзан конок үйлөрдө калууну туура көрөт. Акыркы ирет Ыраакы Чыгыш жана Борбордук Азия өлкөлөрүн кыдырган каарманыбыз, саякаттарында туш болгон географиялык шарттар жана кыйынчылыктар тууралуу "Болжолдуу 6 айга жакынкы мезгилден бери кир жуучу машинанын үнүн уга элек элем. Акыркы 8 айдан бери ысык душ ала элек болчумун. Анткени барган өлкөлөрүм ысык өлкөлөр эле. Кыргызстандагы досторум аябай меймандос, сыйчыл экен. Мыкты мүмкүнчүлүктөрдү түзүп беришти. Азия өлкөлөрүндөгү суук аба ырайы мага терс таасирин тийгизбей койгон жок. Бирок максатка жетүүдө булар тоскоолдук болбош керек деп ойлойм. Эверест тоосундагы бороондо жана Кыргызстандын Ала-Арча улуттук паркындагы муз тоңгон жолдо оонап ырахат алдым (күлдү). Саякат учурунда кээде унааларда, кээде алачыкта, бүтө элек курулуштарда, көчөдөгү отургучтарда уктаган күндөрүм да болгон. Кээде сейил бактарда, асма жатактарда, чатырларда баш калкалаган учурларым да болгон".

**"Манас" университети достуктун уясы экен"**

Борбордук Азияны кыдырып жүрүп, Кыргызстанды көргөнү келген Крис Кыргыз-Түрк "Манас" университети менен да таанышып кетти. Ал "Манас" университетинен да бир топ досторду тапканына кубанат. "Манас" университети жылуу атмосферадагы достуктун билим уясы экен. Окуу жайдагы студенттердин, буга чейин социалдык тармактагы тапкан досторумдун мага көрсөткөн меймандостугу, кичипейилдиги, таанышкан мугалимдердин чын көңүлдөн көрсөткөн мамилелери абдан жакты. Учурда кыш мезгилине киргени турабыз. Кышында билесиздер, күн суук. А "Манас" университетинин студентеринин жүрөктөрү ысык. Кыргыздардын меймандостугуна күбө болдум. Кыргызстанга келгениме абдан сүйүндүм".

**Саякаттагысы келгендерге кеңеш**

"Дүйнө кыдырууну каалаган ар бир адам чечкиндүү болушу керек" дейт саякатчы Крис. Бардык нерседе чечкиндүүлүк башкы нерсе. "Бир ишти баштаганда, сөзсүз түрдө анын аягына чыгууга ишениңиз. Дайыма позитив менен жашаңыз. Жылмайыңыз жана башкалардан эч нерсе күтпеңүз. Адамдарга жакшы мамиле кылыңыз. Өзүңүз үчүн турмуштук эң маанилүү нерселерди тактап алыңыз жана андан ырахат алууга аракеттениңиз",- деп сөзүн жыйынтыктады каарманыбыз.

# Өмүрү өрнөк инсан- Анаркан Касмалиева

*Кабар: Алина Жумагулова*

*Кыргыз-Түрк "Манас" университети Дене тарбия жана спорт жогорку мектебинин доценти Анаркан Касмалиева бир топ жылдан балдар үйүнө кол кабыш кылып келет. Каарманыбыз "Манас" университетинин атынан балдардардын жашоосунун өзгөрүшүнө жана алардын спорттогу ийгиликтерине аз да болсо салым кошууга аракеттенет.*



**Спорт аркылуу турмуш кыйынчылыгын жеңүүгө үйрөнүшөт**

Анаркан Касмалиева 30 жылдан бери спорт менен машыгат. Спорт окутуучусу кыргыз улуттук футбол клубунун 2-тренери Наташа Гагаронская, "спорт чебери" наамынын ээси Назик Күмүшбек кызы, балдар футбол командасынын тренери Аида Кылычбекова сыяктуу ийгиликтүү спортчулардын өсүп чыгышына салым кошкон. Спорт анын турмушунда кесип катары гана роль ойнобостон, а бүтүндөй жашоо образын түзөт.

А.Касмалиева 2008-жылы ыктыярчылар түзгөн Көчө футбол федерациясынын баш катчысы болуп иштеп, жетим балдарды спортко тартып, аларды чоң турмушка аралашууга үйрөтүп келет.

"10 жылдан бери Көчө футбол федерациясында иштейм. Федерациябыз демөөрчүлөрдүн жана ыктыярчылардын колдоосу менен иш алып барат. Коомдогу жетим балдарды футбол аркылуу жашоого аралаштыралы дейбиз. Бул балдар тагдырга таарынган балдар да. Көп учурда мындай тагдырга туш болгон балдар турмуштун оош-кыйышында кыйналып калышат. Ошон үчүн спорт алар үчүн абдан маанилүү. Себеби спорт – бул күрөш да. Чыдамкайлыкка, кыйынчылыкка туруштук берүүгө, кайраттуу болууга үйрөтөт. Балдар спорт менен машыккан учурда сөзсүз түрдө ар түрдүү мелдештерге катышышат. Жеңгенди да, жеңилүү ызасын көтөрүүнү да үйрөнүшөт. Спорт аркылуу жашоонун башка тараптарын көрүүгө мүмкүнчүлүк алышат".

**"Бардык тармакта колдоо көрсөтүүгө аракет кылабыз"**

Федерацияны уюштургандар балдардын өсүшүнө да абдан маани беришет. Аларды жашоого бардык тараптан даярдоону көздөйт. Ошон үчүн бир гана спорт менен чектелүү жок, башка тармактарда да аларга колдоо көрсөтүп келишет. Касмалиева федерация уюштурган бул иш-чаралар тууралуу төмөнкүлөрдү айтат: "Балдар үчүн алгач психологиялык колдоо көрсөтүүгө аракет кылабыз. Бул үчүн өзүн-өзү өнүктүрүү боюнча семинарларды көп өткөрөбүз. Укук боюнча маалымат берип, өз укуктарын билүүгө үйрөтөбүз. Бул балдарда көңүл бура турган көп кейгей бар. Аларды чечүү жолдору албетте, оңой эмес. Бул кабыргасы ката элек балдардын тагдырдын башка салганы менен жалгыз күрөшүшү өтө кыйын. Биз аларга азыр чоң турмушка аралашуу үчүн жол көрсөтүп, багыт берип жатабыз".

Касмалиева балдар 16 жашка чейин жетим балдар үйүндө болорун, андан соң ал жактан чоң турмуштун агымына ташталып, жашоо менен жалгыз күрөшүүгө туура келээрин айтып ээни кейийт. Ал чоң турмушта жалгыз калган учурда балдарга спорт чоң дем болот деп ишенет. Өзгөчө федерация аркылуу катышкан мелдештер жана аларга даярдаган машыгуулар балдардын жашоодогу кыйынчылыктарга чыдамкайлык менен туруштук берерин, командада иштешкенди үйрөнүүсү үй-бүлө атмосферасын жаратып, бири-бирине жөлөк-таяк болорун айтат.

"Чыныгы сыйлык – балдардын жашоодогу ийгиликтери"

А. Касмалиеванын жетим балдар үчүн кылган иштери, социалдык жоопкерчилик долбоорлору жана ар түрдүү тармактарда уюштурган иш-чаралары жүрөк жибиткен колдоого арзырлык өрнөктүү иштер. Мына ушундай асыл эмгеги бааланып, ал 2017-жылы экс-президент Алмазбек Атамбаев тарабынан Ардак грамотасы менен сыйланган. "Президентибиз тарабынан грамота алуу мен үчүн чындыгында эле чоң сыймык болду. Бирок мен бул ишимди кандайдыр бир сыйлык алуу же өзүмдү таанытуу максатын көздөп жасабайм. Сыйлык алуу канча жылдан бери кылган эмгегимдин бир үзүрү катары албетте, маанилүү. Бирок менин чыныгы максатым, чоң кубанычым эле – бул балдардын турмушта ийгиликке жетишкен инсан катары бул жашоодо өз ордун тапканы".

Чындыгында эле А. Касмалиевадан тарбия алган бул балдар азыркы учурда дүйнөнүн көптөгөн жерлеринде үзүрлүү эмгектенип жатканы өтө кубандырат. Алардын арасында Австралияда тренер болуп иштегени да, мамлекеттик спорт федерациясында спорт чебери болуп эмгектенгени да бар. Ал тренерлик кылган кыздардын футбол командасы 2016-жылы Шотландияда өткөрүлгөн эл аралык турнирде экинчи орунду, 2017-жылы Норвегияда өткөрүлгөн чемпионатта 24 команданын ичинен төртүнчү орунду ээлеген. Мына ушунун баары А. Касмалиеванын эмгегинин текке кетпегенинин чоң далили.






**"Ден-соолугу чың муун үчүн спорт менен машыгуу зарыл"**

"Спорт чындыгында көп каражат талап кылган тармак. Ошол себептүү жетим балдар эле эмес, материалдык жактан аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн балдары да спорт менен туруктуу машыга алышпайт. Бардык балдардын эле спорт менен машыгуусу үчүн мүмкүнчүлүк түзүүнү каалайбыз. Физикалык жактан дагы, руханий жактан дагы өнүккөн муундарды өстүрүү үчүн спортко муктаждыгыбыз бар. Спорт аркылуу балдар алдына максат коюшат жана ага жетүүгө аракеттенишет. Мындай сезимдерди башынан өткөргөн бала жаман адам болушу мүмкүн эмес".

*Кабар: Арген Надыркулов*

# Кыргыздардын чай ичүү маданияты:

# Туздуу, сүттүү, майлуу чай

***Дүйнөлүк маданияттын үлгүсүн толуктаган чай дүйнөдөгү эң көп колдонулган суусундуктардын бири. Алсак, англис чайы, кытай чайы, жапон чайы, корей чайы, индия чайы болуп бөлүнгөн чайды ичүү маданияты да ар түрдүү. Кыргызстанда да чай ичүү маданиятынын өз өзгөчөлүгү бар. Сиздер менен, бул санда кыргыздардын чайга сүт, туз жана май кошуп ичкен өзгөчө маданияты тууралуу кеп кылгыбыз келди.***





**Чай – бул дүйнөдөгү түрдүү каада-салтка сиңген, өзгөчө эрежелер менен ичилген миллиондогон элдердин сүйүүктүү суусундугу.**

**Чай ичүү – Азия маданиятынын уюткусу**

Тарыхка кылчайсак, учурунда Жибек Жолу аркылуу кербендер азык-түлүктүн түрүн ташып, алар жергиликтүү элдин маданиятына аралашып, ал тургай сиңип кеткени да белгилүү. Анын сыңарындай чай, чай ичүү дагы Борбордук Азия элдеринин маданиятын толуктайт. Ушундан улам чай ичүү Өзбекстан, Тажикстан, Кыргызстан, Түркменистан, Казакстанда чай мейманга тартуулана турган абройлуу суусундук катары бааланып-кастарланып калган. Азыркы учурда чайдын даярдалышы жана чай берүү жөрөлгөсү бир аз өзгөрүлгөнүнө карабастан, бул калктардын салтында чай ичпей бир да мейман үйдөн чыкпайт. Жогоруда аталган өлкөлөрдө чай жакын адамдарды, туугандарды, үй-бүлөнү бир жерге чогултуп, жылуу сезимдер менен бөлүшүүгө ортомчу болгон маданиятты түптөгөн суусундукка айланган.

Чай берүү, аны даярдоо ар бир өлкөгө жана аймакка жараша ар кандай болот. Өзгөчө тоолуу өлкөдө жашаган эл үчүн күчтүү тамак-ашка жана ысык чай ичүүгө өтө чоң маани берилет. Орто жаш жана андан жогорку жаштагылар көк чай ичишет. Сүт же лимон менен ичилген көк чай кан басымын азайтып, дененин температурасын бир калыпка келтирип, пайдалуу келет. Кара чайды көбүнчө жаштар ичет. Анча коюу эмес, бир аз демделип даярдалган чай жаштардын табитине туура келет.

Чай региондорго жараша ар түрдүүчө даярдалат. Кыргызстандын көп жеринде кадимки кум шекер кошулган чай өтүмдүү. Мындан тышкары, айрым аймактарда чайга сүт, туз жана май кошуп ичкен учурларды көрүүгө болот.

Кыргызстандын түштүгүндө ысыкта эң көп ичилген суусундук эле – чай. Түштүктөгү кыргыздар жайдын саратанында чай ичип тердеп, ысыктан сактанышат. Бул аймакта адаттан тышкары коноkко чайды үйдүн эркеги сунат. Чай кичинекей чыныларга куюлуп ичилет. Чакан чыныга куюу менен үйдүн кожоюндары чайды ысык табында кармап, меймандарга көбүрөөк көңүл бурууну көздөйт.



Ал эми Кыргызстандын Талас, Нарын сыяктуу түндүк региондорунда негизинен коюу демделген кара чай көбүрөөк ичилет. Ошондой эле, чайга кум шекер, сүт, туз жана сары май кошулат. Чайды үйдүн келини куят. Ысык-Көл облусунун айрым жерлеринде чай чоң кеселерге куюлуп берилет.

**Атканчай менен куурма чай**

Кыргызстандагы чай ичүү маданиятынын адаттан тышкаркы түрү – атканчай. Бул чай көчмөн калк үчүн ыңгайлуу болгон. Атканчай коюу кара түс болгучакты демделет. Бир стакан чайга бир стакан сүт, бир аз туз кошулуп кайрадан кайнатылат. Айрым учурда айран, сары май кошулат. Бал, данектүү жемиштер менен бирге сунулат. Көбүнчө эртең менен ичилет.

Кыргызстанда дагы бир кызыктуу чайдын түрү бул – куурма чай. Улуттук суусундук болгон бул чайга туз, сүт, мурч жана ундун кызартылган куурулмасы кошулат. Боорсок менен бирге сунулат. Айрыкча, Ысык-Көл облусунда көп ичилет. Ага айрым учурда лимон ширесин, корицаны да кошуп коюшат. Тоң майга унду кууруп даярдагандыктан, куурма чай шорпого окшошуп кетет. Куурулган ун күрөң түскө боелот. Диеталык чай деп эсептелген куурма чай өзгөчө кыш мезгилинде, оору көбөйгөн учурларда көбүрөөк ичилет.

Кыргызстандагы дагы бир өзгөчө чай бул – сүзмө чай. Бул чай кычкыл болгону менен, даамы жагымдуу болот. Коюу демделген кара чайга сүзмө катыктап, сары май, туз кошуп ичишет. Сүзмө чай бир жагынан ток кармайт. Экинчи жактан, суусунду жакшы кандырат, ошондуктан жайында көп ичилет. Көбүнчө өлкөнүн түштүгүндө жасалат.

# Коммуникация факультети изги ийгиликтери менен кубандырууда

*Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Коммуникация факультети бул жылы да республикалык жана эл аралык конкурстарда бир катар сыйлыктарга татыктуу болду. Факультеттин радио, телевидение жана киноискусство бөлүмүнүн студенттери XXV Эл аралык «Листопад» кинофестивалында, VI Эл аралык «Умут» кинофестивалында жана VII Эл аралык «Хак-Иш» кыска метраждуу кинофестивалына катышышып, сыймыктуу сыйлыктар менен кайтып келишти.*



**«Узак» тасмасынын ийгиликтери артуда**

2-9- ноябрда Факультетибиздин быйылкы бүтүрүүчүсү Бегим Жолдубай кызы “Узак” тасмасы менен Минскте сыйланды. XXV “Листопад” Эл аралык фильм фестивалы, үстүбүздөгү жылдын Белорусиянын баш калаасы Минскте өттү.

Фестивалга Борбордук Азия жана Прибалтика өлкөлөрүнүн жаш режиссерлору катышты. Белорус улуттук кино-мектебинин сынагында Жолдубай кызынын эмгеги “Эң мыкты оператордук иш жана эрдик” номинациясы боюнча эң мыкты деп табылган. Бул сынакка жалпысынан 25 эмгек катышып, анын 4сү сыйлыкка татыктуу болгон.

Жолдубай кызынын ушул эле тасмасы 14-15- ноябрда Газиантеп шаарынын өткөн Хасан Калйонжу университетинде Хасан Калёнжу университетинде өткөрүлгөн IV “Алтын Баклава” фильм фестивалында «Эң мыкты даректүү тасма» деп табылган. болду.

Кошумчалай кетсек, Бегим Жолдубай кызынын “Узак” тасмасы анын дипломдук иши болгон. Тасманы тартуу ишинде Жолдубай кызына университетибиздин ага окутуучусу, кинорежиссер Артыкбай Сүйүндүков жетекчилик кылган.

**«Эң мыкты кыска метраждуу тасма» сыйлыгы**

Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин радио, телевидение жана киноискусство бөлүмүнүн 2017-жылкы бүтүрүүчүсү Караш Жанышов VI Эл аралык “Умут” кинофорумунун Улуттук конкурсунда баш байгени жеңип алды.

VI Эл аралык “Умут” кинофоруму 2018 –жылдын 25-29- октябрь күндөрү өттү. Кинофорумдун “Улуттук кыска метраждуу көркөм тасмалар ” кыска метраждуу тасмаларынын сынагында Жанышов “Кош бол” тасмасы менен калыстардын “Эң мыкты фильм” номинациясы менен сыйланды.

Кинофорумду Кыргыз кинематография департаменти уюштуруп, быйылкы форум Ч.Айтматовдун 90 жылдык маарекесине арналды.

Аталган кинофорумда фильмдер “Улуттук кыска метраждуу көркөм тасмалар”, “Эл аралык кыска метраждуу көркөм тасмалар” жана “Эл аралык кыска метраждуу көркөм тасмалар” категориясында күч сынашты. Кинофорумда Борбордук Азия жана Прибалтика өлкөлөрүнүн төлчүгүн келе жаткан жаш кинорежиссерлору ат салышты.

**Хак-иш VII Эл аралык кыска метраждуу кинофестивалынан алган сыйлыгыбыз**

Ушул жылдын 28-ноябрында өткөрүлгөн «Эмгекке таазим» аттуу Хак-иш VII Эл аралык кыска метраждуу кинофестивалына Түркиядан 202 тасма, башка 128 өлкөдөн 4104 тасма ат салышты. 11 категорияда өлчөнгөн орундарда радио, телевидение жана киноискусство бөлүмүнүн бүтүрүүчүсү Мээрим Доқдурбекованын «Бакыт» аттуу фильми «Эң мыкты көркөм режиссер» сыйлыгын жеңип алды.

# Ооруну сурасаң, айыккандай болот!

Жыл сайын коммуникация факультетинин студенттери Балдар онкология жана тематология борборуна жардам колун сунуп келет. Факультеттин студентери жарманкени б ыйыл да жогорку деңгээлде уюштурушту.



*Кабар: Самира Шарипова*

Коомчулук менен байланыш жана реклама бөлүмүнүн ПР клубу уюштурган жарманкеде факультеттин студенттери менен окутуучулары жасаган тамак-аштар сатылды. Аталган жарманкеден түшкөн каражатка Республикалык балдар онкология жана гемотология борборуна дары-дармектер сатылып алынды.

Алынган дарылар бейтаптардын ата-энелери, борбордун жетекчилери жана дарыгерлерге тапшырылды. Республикалык балдар онкология жана гемотология борборунун дарыгерлери студенттердин көрсөткөн мындай жардамына ыраазычылыктарын билдиришти.

• **КТМУнун атынан гезит ээси**
Ректор, проф. док. Себахаттин Балжы
Биринчи проректор, проф. док. Асылбек Кулмырзаев

• **Башкы редактор**
Проф. док. Хамза Чакыр

• **Басма сөз координатору**
Доц. док. Аслы Юрдигул

• **Жооптуу редактор**
Улук окутуучу, док. Гүлзада Станалиева

• **Котормочулар**
Улук окутман, док. Регина Жаманкулова
Кенже илимий кызматкер док. Топчугул Нармаматова
Кенже илимий кызматкер Венера Наринова

• **Редакторлор**
Кенже илимий кызматкер Бану Эрдоган Чакар
Кенже илимий кызматкер Зеки Окйай

• **Дизайнер**
Равшан Абдуллаев

• **Дареги**
КТМУ Коммуникация факультети, Жал студенттик кампусу, Бишкек
Тел: +996 312 492756/1164

“Рубикон” типографиясында басылды. Нускасы 2000
Тапшырык: №320

• **KTMÜ adına sahipleri**
Rektör Prof. Dr. Sebahattin Balcı
Rektör Vekili Prof. Dr. Asılbek Kulmırzayev

• **Genel Yayın Yönetmeni**
Prof. Dr. Hamza Çakır

• **Yayın Koordinatörü**
Doç. Dr. Aslı Yurdigül

• **Sorumlu Müdür**
Öğr. Gör. Dr. Gülzada Stanaliyeva

• **Çeviri**
Öğr. Gör. Dr. Regina Camankulova
Araş. Gör. Dr. Topçugül Narmamatova
Araş. Gör. Venera Narinova

• **Editör**
Araş. Gör. Banu Erdoğan Çakar
Araş. Gör. Zeki Okyay

• **Gazete Tasarımı**
Ravşan Abdullaev

• **Yazışma Bilgileri**
KTMÜ İletişim Fakültesi
Cal Yerleşkesi, Bişkek
Tel +996 (312) 492756/1164

Yerel Süreli Yayın №320
“Rubikon” matbaasında 2000 adet basıldı.